DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Закиров У.А.*

## ИНДИЯ МАМЛЕКЕТИНИН КӨРКӨМ ИСКУССТВО ЖАНА КӨРКӨМ МАДАНИЯТ ТАРЫХЫ

*Закиров У.А.*

## ИСТОРИЯ ИЗОБРАЗИТЕЛЬНОГО ИСКУССТВА И ХУДОЖЕСТВЕННОЙ КУЛЬТУРЫ ИНДИИ

*U. Zakirov*

## HISTORY OF FINE ART AND ARTISTIC CULTURES OF THE INDIAN STATE

*УДК: 7.03(075.8)*

*Индия мамлекети, байыркы чыгыш өлкөлөрү сыяктуу эле адамзаттын жашоо болмушунун цивилизациясынын алкагында, анын дүйнөлүк искусствосунун жана дүйнөлүк маданиятынын бешигин терметкен алгачы өлкөлөрдөн болуп саналат. Индостандагы алгачкы археологиялык казуулар учурунда палеолит жана неолит дооруна тиешелүү материалдык маданияттын баалуулуктарынын калдыктары табылат. Хронологиялык принциптерге таяна турган болсок, байыркы Индиянын көркөм искусство жана көркөм маданият тарыхын төмөнкү доордук этаптарына бөлүп кароого болот: алгачкылардан болуп Харапптык цивилизация (б.з.ч. 2500-1700-жж.); Маурлардын доору (б.з.ч. 320-185-жж.); Кушандардын доору (б.з. 70-200-жж.); Гупта империясы (б.з. 320-510-жж.) белгиленет. Ал эми, XIII-XVII орто кылымдар мусулмандык падышачылык (Дели султанаты жана улуу моголдордун империясы) доору болуп саналат. Индиянын жана Пакистандын территориялык жерлеринде жайгашкан Мохенджо-Даро шаары (Сидне шаары) жана Харапп шаары (Пенджаба шаары) аймактарында археологиялык казууларды жүргүзүшкөндө б.з.ч 3-2-миң ж. илгери өнүккөн цивилизациялык жашоонун маданиятынын тарыхый баалуулуктары табылган. Ал археологиялык табылгы, адамзаттын жашоо тарыхында Харапп цивилизациялык маданияты катары белгилүү болуп калды.*

***Негизги сөздөр:** Байыркы Индия, Байыркы Шумер, Байыркы Греция, Читрасутра трактаттары, Ведалык трактаттары, Карма, Вишна, Брахма.*

*Индия, как и страны древнего Востока, одна из первых стран потрясла колыбель своего мирового искусства и мировой культуры в контексте человеческой цивилизации. Ранние археологические раскопки в Индии обнаружили остатки ценностей материальной культуры палеолита и неолита. По хронологическим принципам историю искусства и культуры Древней Индии можно разделить на следующие эпохи: первой была Хараппская цивилизация (2500-1700 гг. до н.э.); Мавританская эпоха (320-185 гг. до н.э.); Кушанский период (70-200 гг. н.э.); Основана империя Гупта (320-510 гг. до н.э.). XIII- XVII века были эпохой мусульманского царства (Делийского султаната и Империи Великих Моголов). Археологические раскопки на территориях Мохенджо-Даро (Сидне) и Хараппа (Пенджаб), расположенных на территории Индии и Пакистана, относятся к III-II тысячелетиям до н.э. Были найдены исторические ценности культуры передовой цивилизованной жизни. Это археологическая находка, известная в истории человеческой жизни как Хараппская цивилизация.*

***Ключевые слова:** Древняя Индия, Древний Шумер, Древняя Греция, трактаты Читрасутра, Ведические трактаты, Карма, Вишна, Брахма.*

*India, like the countries of the ancient East, was one of the first countries to shake the cradle of its world art and world culture in the context of human civilization. Early archaeological excavations in India unearthed remains of Paleolithic and Neolithic material culture values. According to chronological principles, the history of art and culture of Ancient India can be divided into the following eras: the first was the Harappan civilization (2500-1700 BC); Moorish era (320-185 BC); Kushan period (70-200 AD); The Gupta Empire is founded (320-510 BC). XIII-XVII centuries were the era of the Muslim kingdom (the Delhi Sultanate and the Mughal Empire). Archaeological excavations in the territories of Mohenjo-Daro (Sidney) and Harappa (Punjab), located on the territory of India and Pakistan, date back to the III-II millennium BC. The historical values of the culture of advanced civilized life were found. This is an archaeological find known in the history of human life as the Harappan civilization.*

***Key words:** Ancient India, Ancient Sumer, Ancient Greece, Chitrasutra treatises, Vedic treatises, Karma, Vishnu, Brahma.*

Байыркы Индия элдеринин көркөм сүрөт жана көркөм маданияты, байыркы Шумер жана байыркы Грек көркөм сүрөт жана көркөм маданияты менен тыгыз байланышта болгон. Ошол эле орото кылымдар доорунда да Чыгыш өлкөлөрүнүн ортосунда экономикалык жана маданий тариздерде тыгыз байланыштар бар.

Индия мамлекетинин экономикалык жана маданий багыттарда өнүгүү жолдору Европа өлкөлөрүнүн экономикалык жана маданий багыттардагы өнүгүү жолдорунан бир топ эле өзгөчөлөнгөн мүнөздөр менен айырмаланат.

«Индия мамлекети Европа өлкөлөрүндө пайда болгон кайра жаралуу доордук өнүгүүлөрдү башынан өткөргөн жок. Индиянын экономикасында, маданиятында, искусствосунда жана жашоо-турмуштук шарттарында орто кылымдар доордук болмуштук кубулуштарынын закон ченемдүүлүктөрү XVIII кылымга чейин созулуп кеткен тарыхый доорду камтыйт» [1].

Бирок Индия мамлекетиндеги өздүк маданий мурастарынын баалуулуктарынын алкагында мифологияны камтыган поэтикалык, элдин жашоого болгон көз карашын камтыган дүйнө таанымынын калыптанышы, табияттын ар кандай айтып бүткүс болмуштук кубулаштарын кабылдоодогу этностук мүнөздүүлүктөрдүн келип чыгышы менен бирдикте көркөм

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



искусство жана көркөм маданияттын алкагында мыкты, - деп бааланган чыгармалардын жаралуусуна шарттар түзүлүп, натыйжасында бул багыттарда улуу маданий мурастардын тарых барактарында жазылуусуна себеп болду.

Индия мамлекетинин көркөм маданияты жана көркөм искусствосу чыгармачылыктын бардык тармактары менен тыгыз байланышта болуп турат.

Бул жөнүндө байыркы Индиянын «Читрасутра», - аттуу трактаттарынан Раджа менен Даанышмандын ортосундагы маектешүүлөрүнөн байкоого болот. Ал окуядагы маектешүүдө Раджа Даанышманга суроо берет: Кудайлардын скульптуралык чыгармалары кандайча жаралат?, Даанышман жооп берет: «бул закон ченемдүүлүктү оңой менен түшүнүү кыйын, анткени кудайлардын скульптуралык образдарын жаратуу үчүн, алгач живопись жазганды үйрөнүү керек жана аны терең түшүнүү менен өздөштүрүү керек, мына ошондо гана баары түшүнүктүү болот». Раджа кайра суроо берет: анда эмесе, живопись жазганды жана анын закон ченемдүүлөктөрүн кандайча үйрөнүүгө болот?, Даанышман жооп берет: «живопистин сырларын билип жана анын закон ченемдүүлүктөрүн өздөштүрүү үчүн, алгач бий бийлөөнү өздөштүрүү керек болот». Бий бийлөөнүн сырларын жана закон ченемдүүлүктөрүн өздөштүргөндөн кийин гана, живопись жазгандын сырларын жана анын закон ченемдүүлүктөрүн өздөштүрүүгө болот. Раджа, кайра дагы суроо берет: бий бийлөөнүн сырларын жана анын закон ченемдүүлүктөрүн кантип өздөштүрүүгө болот?, Даанышман жооп берет: «музыканын сырларын жана анын закон ченемдүүлүктөрүн өздөштүрбөй туруп, бий бийлөөнүн сырларын жана. анын закон ченемдүүлүктөрүн өздөштүрүү керек болот». Ал эми, музыканын сырларын жана закон ченемдүүлүктөрүн өздөштүрүү үчүн ыр ырдагандын сырларын жана закон ченемдүүлүктөрүн үйрөнүү керек болот, - деп айтат.

Демек көркөм искусствонун жана көркөм маданияттын сырларын өздөштүрүү үчүн, жогоруда белгиленген искусствонун бардык тармактарын өздөштүрүү керек. Даанышмандын оюу менен байкоо жүргүзүп жыйынтыктап айтканда, бул дегенибиз искусствонун бардык тармактары бири-бири менен тыгыз байланышта болуусу керек дегендик.

«Индия көркөм искусствосу жана көркөм маданиятынын закондоруна ылайык, ар бир сүрөтчү ар тараптуу жактан шыктуу болуп, искусствонун бардык багыттарынан билими болуусу шарт. Мына ошондо гана, анын ар бир жараткан чыгармалары жана табияттын образдары чындыкка тете чагылдырылган болот» [2]. Байыркы Индиянын даанышман философторунун принципиялдуу көз караштык ой жүгүртүүлөрү боюнча, искусствонун бардык тармактарынан билими бар сүрөтчүнүн колунан жаралган образдарда: динамика, кыймыл-аракеттин табияты, сулуулук, жашоо болмушунун чындыгы, табият менен көркөм образдын ортосундагы кубулуштардын мүмкүн болушунча табияттын чындыгына дал келиши, көрүүчүгө түшүнүктүү болуусу керек, мына ошондо гана искусствонун ишенимдүүлүгү бекем болот, - деп эсептелинет.

Байыркы Индия көркөм маданияты жана көркөм искусство тарыхынын закондорунун калыптанышы, анын түптөлүшүнүн үлгүсү болгон көптөгөн уруулардын жана касталарга бөлүнгөн элдеринин катышуусунда жүрөт.

Байыркы Индия мамлекетинин көркөм искусство жана көркөм маданиятынын мүнөздүү өзгөчөлүгү: кол өнөрчүлүгү, фольклордук чыгармачылыгы жана мифологиялык көз караштагы дүйнө таанымдын негизде жүргөн ой жүгүртүүлөрүнөн пайда болгон образдарынан турат. Кылымдар бою, Индия көркөм искусство жана көркөм маданиятынын калыптанышындагы жана анын түптөлгөн мүнөздүү өзгөчөлүгү катары: улуттук үрп-адат, каада-салттар, жашоо болмушунун мүнөздүү кубулуштарынын камтылышы белгиленет.

«Байыркы Индия мамлекетинин көркөм искусство жана көркөм маданиятында басымдуулук кылган искусствонун түрү, - бул колдонмо көркөм кол өнөрчүлүгү болуп саналат. Мына ошол колдонмо көркөм предметтердин образдарында, улуттук мүнөздөрдөгү өзгөчөлүктөрүнүн көрүнүшүндөгү кайталангыс кубулуштары бар. Өз кезегинде, ошол образдуулуктар диний маани-мазмундардагы таасирдүү күчтөгү образдарын алып жүрөт. Мисалы: скульптуралык чыгармалары кудайларга арналып жасалган «Кудайлар» образдарынан турат. Храмдардын интерьердик дубалдарына кудайлардын көрүнүшү чагылдырылган диний маанидеги образдарынын маани-мазмуну бар роспистери жазылат» [3]. Көптөгөн китептеринде жазылган миниатюралык иллюстрациялык чыгармалар менен коштолгон образдары да диний багыттардагы маани-мазмундуулуктарды камтыйт. Байыркы Индия көркөм искусство жана көркөм маданиятындагы эң негизги образдуулуктары: ыйык кудайлардын жашоо болмушунун таасирлерин камтыган турмуштук кубулуштарынын көрүнүштөрүнөн турат. Бул өз кезегинде, байыркы Индия көркөм искусство жана көркөм маданиятынын, ошол доордогу эң негизги идеоло-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



гиялык таасирдүү кубулуштарынын чагылуулары менен коштолгон образдарын көрсөтөт.

Байыркы Индия мамлекетинде жашаган жергиликтүү калкы, Индия деңизинин жээктеринде жашашып, мифологиялык көз караштардагы түшүнүктөр менен жашоо болмушуна ой жүгүртүшүп, табияттын күчүнө баш ийүү менен бирге анын күчүнө сыйынышкан. Табиятты кудай катары саноо менен бирге эле, айрым бир жаныбарларды жана өсүмдүктөрдү ыйык, - деп эсептешет. Андан сырткары суунун жана оттун магиялык кубулуштарына терең маани берип, ал кубулуштардын таасирлерине өтө катуу ишенишет.

«Болжол менен алганда б.з.ч. II кылымдарда Индия мамлекетинин территориясына, өзүлөрүн «арийлербиз», - деп эсептешкен көчмөн уруулар кирип келишип отурукташуу менен жашап башташат. Ал көчмөн элдер өзүлөрү менен бирге «Ведалык динди» ала келишет. Натыйжасында, байыркы Индияда ведалык түшүнүктөр калыптанып баштайт. Ведалык дин, - өзү адабий тилдин руханий баалуулуктарын камтыган теориялык жана практикалык принциптүү закондорун камтыган жашоо болмушунун тарыхый эстелиги болуп саналат. Веда боюнча(знание): урууларга бөлүнүү, динди поэтикалык ыргактар жана ыр түрүндөгү формаларда түшүндүрүү, жашоо болмуштарынын закондору, уруулардын өз ара мамилелериндеги болмуштук баалуулуктары, өлкөдөгү ар түрдүү калктар жөнүндө, музыка ааламы тууралуу, архитектура, алгачкы божомолдордон турган илимий жаңылыктарды камтыган теориялык маселелелер жыйнактарынын түшүнүк берүүлөрүн өз маңызында камтыйт» [4].

Жогоруда атап өткөн ведалык поэтика өз маанимазмундарында(наивные и жизнерадостные): жашоо болмушуна тажырыйбасыз көз караштар менен карап, жашоо-турмуштагы жыргалдарга көбүрөөк көңүл бөлөт жана диндик аскетизмдик жашоо турмуштардан бир топ алыс.

Ведалык текстердеги маани-мазмундардын таасирлери ооз эки түрүндө муундан-муунга динге кызмат кылуучу ыйык адамдар(жрец) жана. брахмандар аркылуу өткөрүлүп бериле берет. Бүгүнкү күндө да Индия элинин жашоо болмуштук турмушунда ведалык трактаттар маанилүү болгон баалуулуктар катарында эсептелинет. Ошол эле мезгилдерде веда динин баалоо менен бирге анын китебин: «Ведалык ыйык китеп», - деген статуста таанылат.

Ведалык трактаттардын маани-мазмундарынын таасирлеринин натыйжасында: кудайларга ишенүү, мифологиялык каармандарды элестеткен түшүнүктөрдү камтыган ой жүгүртүүлөрү, жергиликтүү элдин кудайлары менен ортодогу байланыштарды жараткан ишеничтин кубулуштарын пайда кылган таасир күчтөр жаралып олтурат. Натыйжасында, диний мектептер, диний агымдар жана жаңы диний секталар пайда боло берет. Анын негизинде XIX кылымда «Индуизм», - деп аталган диний багыт пайда болот. Бул жаңыдан пайда болгон диний агымга Индия калкынын дээрлик көпчүлүгү ишенишет.

Ошол эле мезгилдерде, албетте сыйынышат, бекем тутунушат жана ыйык сезимдерге ишенүү менен бекем карманышат. Индуизм диний агымынын маани-мазмундары өтө татаал жана көп кырдуу келет. Анын топтомунда: өтө көптөгөн дниий түшүнүктөр жана диний принциптердин ар түрдүү формалары бирдиктүү байланышкан түрдө чагылдырылат. Аны окуп олтуруп, бул диний агым, бир диндүүлүктү эмес, көп диндерди бирдиктүү камтыган, баарынын башын бириктирген жаңы күч жана жаңы баалуулуктардын теориясы, - деген ойго келесин.

Бирок, жогоруда атап өткөн бардык диний мектептер, бир максатты көздөгөн бирдиктүү таасирдүүлүктөрдү камтыган мааани-мазмундардын топтомун түзөт.

«Индуизм диний агымына маани-мазмундарына жана таасирлерине баш ийишип, аны туу тутунган жарандар, ведалык диний теориялык маани-мазмундарга ишенишпейт. Анын бир гана законуна бирдиктүү ишенишип, б.а кишинин жаны кайра-кайра башка денеге берилерине жана «Карма» закондоруна баш ийишет» [5].

Индияда жашаган жарандардын оюу боюнча: Индия калкына Индиялыктар кирет. Алар индуизм, -динине ишенген калкты индустар деп да ойлошот. Алардын диний ишенимдери боюнча, ар бир адам бул өмүр менен кош айтышкандан кийин, анын жаны башка бир денеге кирет. Адамдын жаны, башка жаңы денеде жашоо менен бирге ал дененин ээси болгон ар бир адамдын кулк мүнөзү жан менен бирге келген кулкмүнөздөр, - деп эсептешкен өз ишеничтерине бекем турушат.

«Карма», - деген түшүнүк «кулк-мүнөз» (поступок) деген маанини да берип турат. Ар бир тирүү киши өз жашоосундагы ар бир кылык-жоругу үчүн жооп берет. Ошондуктан, ар бир киши өз кылык-жоругун түз жашоо жолунда алып жүрүү менен жашоосу керек болот. Ар бир киши өзүн кандай алып жүрсө, ошол кулк-мүнөзүнө жараша бул жашоодо да жана оо дүйнө жашоосунда да сыйга жана жазага («воздаяние») татыктуу болот.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



«Карма» закондорунун тыянактары боюнча: ар бир адамдын кебете кешпири, анын кылык-жоруктары, коомдогу ээлеген орду, кемчиликтери жана жетишкендиктери, анын мурунку жашоосу менен байланыштуу. Демек, индуизм динине ишенген адамдардын ою боюнча: ар бир адам баласы өзүн канчалык таза кармап, ыймандуу жашоо өмүрүн сүрүп, үлгүлүү инсан болуп, өз тирүү жашоосунда көптөгөн жакшы сапаттар менен камсыз болгон болсо, кезеги келип бул тирүү жашоо менен кош айтышканда, анын кийинки денеге берилген жаны, ошол сапаттарды өзү менен бирге ошол денеге алып барат. Ошондуктан жакшы сапаттар жана жашоо болмуштагы өз өмүрүндө топтогон мыкты сапапттардын баары кийинки денеге берилет. Ошол эле мезгилдерде, терс мүнөздөгү адам: жаман адат, жаман жоруктар, жаман иштерди жасоо менен жашап өткөн кишинин жаны, кийинки денеге ошондой эле жаман жоруктарды тартуулайт жана ал дене ээсин ар түрдүү жазаларга алып барат.

«Индуизм динине ылайык, алардын кудайлары үчөө: «Брахма»; «Шива» жана «Вишна», булар үчөө биригишип кудайлашкан триаданы түзүшөт» [6].

Индуизмдик диний теория боюнча: Брахма,-жаратуучу, Шива,-талкалоочу, Вишна, - сактоочу болуп эсептелинет. Индуизм диний образдарын алып жүргөн сүрөттөрдө, үчөө катарлаш болгон бирдиктеги көрүнүш аркылуу чагылдырылат. Ал эми айрым бир образдарда болсо, үч баштуу жана бир денелүү болуп сүрөттөлөт. Дагы башка сүрөттөөлөрдө, бир денеден өсүп чыккан үч түрдүү көрүнүштөгү образдуулуктарда чагылдырылат. Индуизм диний теориясы боюнча Брахма дүйнөнүн жаратуучусу. Анын образдык сүрөттөрү, көпчүлүк учурларда өзүнчө жеке дене түзүлүшүнө ээ болгон көрүнүштө чагылдырылат. Анткени, ошол индуизмдик теориядагы триадалык кудайынын эң абстракциялык мүнөзгө ээ болуп, жогорку бийиктиктерди берген мүнөздүү образдарына бөлөнүп турган образдары, бул Брахмага гана таандык деп айтылат.

Брахманын атрибуттары: башындагы таажысы, бийликтин белгисин түшүндүргөн аса таягы, Ганга дарыясынын суусу толтурулган идиши, лотос гүлү, бермет асыл таштуу мончогу, жаасы ж.б. предметтери белгиленет. Көпчүлүк сүрөттөрдө, анын көрүнүшү сегиз колдуу жана төрт жүздүү болуп таштан жасалган скульптуралык статуя түрүндө же ташка чегилген рельеф жана баральеф түрүндө чагылдырылат.

Шива өз күчүндө, бир эле минуталык ачуусу менен асманга учуусунда ааламды тыптыйпыл кылып талкалоо мүмкүнчүлүгүнө ээ. Бирок, Шиванын ошол талкалоолору ааламды жаңылоо, жаңыны жаратуу, эскини жок кылуу дегенди түшүндүрөт.

Байыркы уламыштарда айтылып калганына караганда: «ааламда качандыр бир убактарда таптакыр караңгыга бөлөнүп, жашоо токтоп калган учурлар болот, мына ошондо Шиванын маңдайында үчүнчү көз пайда болуп, ошол көздөн атылып чыккан нурдан ааламга кайрадан жарык кирип, жан жаныбардын баары аман калып, ааламда кайрадан жашоо уланат». Бирок, айта кетчү дагы бир нерсе, ошол эле Шиванын маңдайынан атырылып чыккан жарык күчү, эгерде өзү кааласа ааламды кыйратып талкалоого да жөнөмдүү келет.

Шиванын образын берген көркөм сүрөт көрүнүшү: далысында көп бутактуу болгон кубулушу иконографиялык сүрөттө көрсөтүлөт. Анын үч жүздүү кебетесиндеги образы (махешварамуратти) көп чагылдырылат. Ал кээде йога позасында терең транска түшүп турган образында, а кээде жашоо-турмуштардан безип жүргөн аскеттик абалда болуп, колунда кайыр суроого ылайыкташылган идишин кармаган, белинде белдемчисин байланган көрүнүштө да сүрөттөлүп чагылдырылат. Көбүнчө Шиванын образы аялы Парвати экөө бирге жүргөн абалдарында да сүрөттөлөт.

Шиванын экинчи аты Натараджа деп айтылат, ал бул аты менен аталганда бийчилердин падышасы болуп калат. Андан сырткары ошол аты менен космоско тете бий бийлөө менен ааламды жаратып жаткан учуруна кубулжуу менен көркөм образдык сүрөттөлүштөрдө чагылдырылат.

Индуизм дининдеги Вишнанын көркөм көрүнүшүндө: Веда трактаттарында белгиленген Вишна образы бар. Ошол трактаттар боюнча, ал өзүнө сыйынган ар бир кишинин күнөөлөрүн кечирип жиберүүгө жана ар дайым жардам берүүгө даяр, - деп айтылат.

Вишна уктап жатканда, ааламда да тынч абал өкүм сүрөт, ал эми Вишна уйкудан турганда аалам да уйкудан туруп, тынч абал жанданып, жашоо-турмуш өз нугунда кайрадан кыймылга келет.

Уламыштарда айтылганына караганда Вишнанын киндигинен лотос гүлү өсүп чыккан жана ошол жерден Брахма жарык дүйнөгө келген. Ал эми, өз кезегинде Брахма ааламдын жаратуучусу, - деп таанылат.

Эгерде жердеги жашоо-турмуштарда: жамандык, кылмыш, кара-мүртөздүк, уурулук, согуш, бузукулук, ырайымсыздык, таш-боордук, адамкерчиликсиз мамилелер, кыянат, калп айтуулар, адамдардын бири-бирине кол салуулары, талап-тоноо жана башка адамзаттын таза сапаттарына каршы иш-аракеттер кү-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



чөп кетчү болсо, анда Вишна асмандан жерге учуп келип, жердеги жашоону жөнгө салуу иш аракеттерин көрөт. Ал, адамзаттын жакшы сапапттарын арттырууга аракет жасап, айлана чөйрөдө пайда болгон бардык терс сапаттарды жок кылат. Адамзаттын жакшы жашоосуна керек болгон бардык жакшы сапаттарды колдоого алат жана жардам берет.

Адамдардын жакшы сапаттарын ашыруу үчүн Вишна ар түрдүү кебете-кешпирлерде көрүнүп, адамзаттын жашоосун таза жана нурданган ыймандуу болгон нукка салат. Вишнанын адамдарга көрүнгөн образдарынын катарына «аватар» кейпи да кирет. Вишнанын адамзатка көрүнүүчү аватардык образы ондон ашык болот, алар катарында: балык, ташбака, каман, арстан баштуу адам, эргежээл, ак ат ж.б ушул сыяктуу образдарда кубулжуп, адамзаттын жашоосундагы терс көрүнүштөр менен тынымсыз күрөшүп турат.

«Вишнанын образдык көрүнүштөрү искусствонун көптөгөн тармактарында чагылдырылат. Мисалы: скульптуралык, живопистик, миниатюралык ж.б чыгармаларда Вишнанын көрүнүшү, анын ар түрдүү атрибуттары менен бирге ар кандай татаалдыктарда сүрөттөлөт» [7]. Вишнанын образдык көрүнүштөрү иконографиялык таризде чагылдырылат. Вишнанын көрүнүштөрү чагылдырылган образдары, анын мифологиялык эрдиктери менен бирге көрсөтүлөт.

**Адабияттар:**


1. Сокольникова Н.М. История изобразительного искусства. - М., 2009. - С. 235.
2. Бонград-Левин Г.М. Древнеиндийская цивилизация. - М., 1993. - С. 89.
3. Гоголев К.Н. Мировая художественная культура. Индия. Китай. Япония. - М., 1999. - С. 112.
4. Гусева Р.Н. Индия. Тысячилетия и современность. - М.,1971. - С. 21.
5. Ольденбург С.Ф. Культура индии. - М., 1991. - С. 98.
6. Потапенко С.Н. Изобразительное искусство индии в новое и новейшее время. - М., 1981. - С. 71.
7. Иванцов Г.А. Индия. - М., 1989. - С. 54.